DOI: 10.33942/sititpr2022105 **УДК 340.34.07**

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН УКУКТУК СТАТУСУ

**Макамбаева Д.И.[1], Арым кызы Ж.[1], Шайдуллаев Р.Б[2]**
[(1)] *Ош мамлекеттик юридикалык институту, aidrisovna72@mail.ru*
[(2)] *Жаратылыш байлыктар институту УИА Түштүк бөлүмү, shrb@mail.ru*

***Аннотация.*** *Бул макалада изилдөөнүн предмети катары дүйнөнүн башка мамлекетиндеги чет өлкөлүк юридикалык жактардын ишмердүүлүгү жана алардын бизнес жүргүзүү үчүн укуктук негиздери каралат. Макаланын максаты - өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү үчүн чет өлкөлүк жактар тарабынан бизнес жүргүзүүдө Кыргызстандын аймагына же өнөр жайына кошумча инвестицияларды тартуу процессиндеги мыйзам актыларын изилдөө. Бүгүнкү күндө Кыргызстан рынок экономикасында өнүгүп жаткан учурда мындай жагдай кайталанбаш үчүн Кыргызстандын аймагында жайгашкан чет элдик ишкерлер менен эл аралык кызматташуу келишимдерин түзүүдө чет элдик компанияларды тартуудан түшкөн пайданы бөлүштүрүү пайызын мыйзам чегинде белгилешибиз керек, Кум-Төрдүн абалы кайталанбасы үчүн.*

*Макалада жер-жерлерде биргелешкен иш-аракетке катышкан чет өлкөлүк жактардын ишкерлеринин профессионалдуулугун жана ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн методикасы, дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн экономикасынын өнүгүүсүн тарыхы эске алынып, чет элдик инвестицияны жана ишмердүүлүктү колдонгон учурда. Ошондуктан, бул макалада дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө өздөрүнүн ишкердик иш-аракетин жүзөгө ашырган чет өлкөлүк юридикалык жактардын (компаниялардын) ишинин актуалдуу маселелери талданат. Анын мамилелердеги ролун эске алганда, алар эл аралык жеке укуктун негизги субъектилери экенин көрүүгө болот. Алардын укуктук абалы жана ишинин спецификалары биринчи кезекте алардын мамлекеттик менчиги менен аныкталат.*

*Чет жактар тарабынан тартылган инвестициялардын жана алардын ишмердүүлүгүнүн негизги натыйжаларын мамлекеттик деңгээлдеги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү өнүктүрүүдө, статистикалык маалыматтарды экономиканын өнүгүүсүнөн жана калктын жыргалчылыгын жогорулатуу чөйрөсүндөгү мурунку маалыматтар менен салыштырууда байкоого болот Кыргызстандын калкы үчүн.*

***Негизги сөздөр:*** *юридикалык жактар, мамлекет, коом, улут, экономикалык көрсөткүчтөр, ишкердик, укуктар.*

# ПРАВОВОЙ СТАТУС ЮРИДИЧЕСКИХ ЛИЦ ИНОСТРАННЫХ ГОСУДАРСТВ

**Макамбаева Д.И. [1], Арым кызы Ж.[1], Шайдуллаев Р.Б[2]**
[(1)] *Ошский государственный юридический институт, aidrisovna72@mail.ru*
[(2)] *Институт природных ресурсов ЮО НАН КР, shrb@mail.ru*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается в качестве предмета исследования деятельность осуществляемой иностранных юридических лиц в другой стране мира и их правовые основы при ведении предпринимательской деятельности. Целью статьи является изучения законодательных актов в процессе привлечение дополнительных инвестиций на территорию или промышленности Кыргызстана при ведении предпринимательской деятельности иностранными лицами для развития экономики страны. Сегодня, когда Кыргызстан развивается в условиях рыночной экономики нам необходимо в законодательном порядке установить процент распределения прибылей от привлечения иностранных компаний при составлении международных договоров о сотрудничестве с иностранными*

*предпринимателями находящейся на территории Кыргызстана, чтобы не повторить ситуацию с Кумтором.*

*В статье учитывается методика проведения и учета профессионализма предпринимательской деятельности иностранных лиц (компаний) привлеченные к совместной деятельности на местах, из истории развития экономики ведущих стран мира от привлечения иностранных инвестиций и предпринимательств. Поэтому в данной статье анализируются актуальные вопросы деятельности иностранных юридических лиц (компаний) проводимую свою предпринимательскую деятельности в других странах мира. Учитывая его роль в отношениях, можно увидеть, что они являются основными субъектами международного частного права. Их правовой статус и специфика деятельности определяются, прежде всего их государственной собственностью.*

*Основные результаты привлеченных инвестиций иностранными лицами (компаниями) и их предпринимательской деятельности можно наблюдать в сфере развития социально-экономических показателей на государственном уровне, сравнивая статистических данных по предыдущим данным в области развития экономики и улучшения благосостояния населении Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *юридические лица, государства, общества, нация, экономический показатель, предпринимательская деятельность, права.*

## LEGAL STATUS OF LEGAL ENTITIES OF FOREIGN STATES

**Makambaeva D.I. [1], Arym kyzy J.[1], Shaydullaev R.B[2]**
[(1)] Osh State Law Institute, aidrisovna72@mail.ru
[(2)] *Institute of Natural Resources of the Southern Branch of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, shrb@mail.ru*

***Abstract.*** *This article considers, as a subject of research, the activities of foreign legal entities in another country of the world and their legal basis for doing business. The purpose of the article is to study legislative acts in the process of attracting additional investments to the territory or industry of Kyrgyzstan when doing business by foreign persons for the development of the country's economy. Today, when Kyrgyzstan is developing in a market economy, we need to establish by law the percentage of distribution of profits from attracting foreign companies when drawing up international cooperation agreements with foreign entrepreneurs located on the territory of Kyrgyzstan, so as not to repeat the situation with Kumtor.*

*The article takes into account the methodology for conducting and accounting for the professionalism of the entrepreneurial activities of foreign persons (companies) involved in joint activities on the ground, from the history of the development of the economies of the leading countries of the world from attracting foreign investment and entrepreneurship. Therefore, this article analyzes topical issues of the activities of foreign legal entities (companies) conducting their business activities in other countries of the world. Given its role in relations, one can see that they are the main subjects of private international law. Their legal status and specifics of activity are determined, first of all, by their state property.*

*The main results of attracted investments by foreign persons and their entrepreneurial activities can be observed in the development of socio-economic indicators at the state level, comparing statistical data with previous data in the field of economic development and improving the welfare of the population of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *legal entities, states, societies, nation, economic indicator, entrepreneurial activity, rights.*

**Кириш сөз.** Азыркы учурда дүйнөнүн башка мамлекеттеринде чет өлкөлүк юридикалык жактардын ишмердүүлүгү жана алардын бизнес жүргүзүүсү

мамлекеттердин экономикасынын негизги бир бөлүгүн ээлеп калышууда. Бизнес чөйрөсү бул сөзсүз мамлекеттердин, анын ичинде юридикалык жактардын мүлктүк мамилелерин камтыйт. Демек, бул мамилелердин укуктук жөнгө салуусу актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Экономикалык адабияттарда дүйнөлүк чарбанын маанилүү чөйрөлөрүндө ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан эл аралык монополиялар бир нече топко бөлүнөт [1, 2, 3].

**Биринчи топ:** мындай юридикалык жактарга улуттук коомдор, чет өлкөлөрдө көп сандагы филиалдары бар компаниялар кирет. Мындай юридикалык жактар монополисттик болуп негизинен эл аралык чөйрөдө улуттук, өздүк капиталы менен ишмердүүлүк жүргүзөт. Мындай трансулуттук корпорацияларга Америкалык «Дженерал моторз», Батыш Европалык монополиялык ири корпорациялардан «Фольксваген», Германияга таандык «Сименс», ж.б. атын атоого болот [4, 5, 6].

**Экинчи топ:** ишмердүүлүк чөйрөсү боюнча гана эл аралык болбостон капиталдык жактан да эл аралык болуп эсептелет. М: англо-голландиялык «Роял датч - Шелл» нефть тик компаниясы, англо-америкалык – канадалык «Интернэшнл никл компании оф Кэнада» никелдик, бельгия-франко-люсембургдук «Арбед» металлургиялык концерндери.

**Үчүнчү топ:** бул жактар юридикалык жак катары эсептелбестен өндүрүштүк жана илимий-техникалык мүнөздөгү уюмдар катары эсептелет [4, 5, 6].

Бүгүнкү европалык доктриналар Эл аралык юридикалык жак катары – эл аралык келишимдердин негизинде гана түзүлгөн юридикалык жактарды эсептейт. М: Эл аралык кайра куруу жана өнүктүрүү банкы (МБРР), Эл аралык эсептешүү банкы (БМР) [6, 7].

**Макаланын актуалдуулугу жана чечилүүчү маселелер.** Юридикалык жактар белгилүү бир мамлекеттин аймагында түзүлүп, анын ишмердүүлүк жүргүзүү чөйрөсү чектелбейт жана башка мамлекеттердин аймагында да ишмердүүлүк жүргүзүүгө болот.

Юридикалык жактардын эл аралык, чарбалык ж.б. мамилелердеги аткарган ролун эске алганда, эл аралык жеке укуктун негизги субъектисиз болуп эсептелерин байкоого болот. Алардын укуктук статусу жана ишмердүүлүгүнүн спецификасы эң биринчи кезекте алардын мамлекетке таандык экендиги менен аныкталат [8, 9, 10].

Дал ушул мамлекетке таандык белгиси юридикалык жактардын жекече статусунун негизин түзөт. Юридикалык жактардын жекече статусу бардык мамлекеттердин укугуна таандык жана практикада далилденгендей баардык жерде бирдей белгилерге ээ болушат. М: юридикалык жак катары уюшулуу статусу, укук жөндөмдүүлүгүнүн мазмуну жана укуктук – уюшулуу формасы, өз милдеттери боюнча жоопкер жана доогер катары катыша алуусу, ички мамилелери, реорганизация (кайра уюштуруу) жана ликвидация (кыскаруу) маселелери ж.б. мыйзамга ылайык юридикалык жактар өздөрүнүн органдарынын же өкүлчүлүктөрүнүн укуктарын чектөөгө жол берилбейт [11, 12].

Баардык өлкөлөрдө иштеп жаткан мекеме, ишкана, уюм жана башка компаниялар «мамлекеттик» тактап айтканда «ата мекендик», ошондой эле «чет өлкөлүк» болуп бөлүнүшөт.

**Изилдөөнүн натыйжасы жана сунуштар.** Эгерде юридикалык жак чет өлкөдө чарбалык ишмердүүлүк жүргүзсө, анда ал укуктук жөнгө салуунун экилик системасында аракеттенет. Биринчиси бул юридикалык жактын «жарандыгы» же укуктук мыйзамдары т.а. ал түзүлгөн мамлекеттин укуктук системасына негизделсе (бул жеке мыйзам деп аталат), ал эми экинчиси ала юридикалык жак ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан мамлекеттин улуттук мыйзамдарына негизделет (бул аймактык мыйзам деп аталат). Жогоруда көрсөтүлгөн жеке мыйзам юридикалык жактын тигил же бул мамлекетке таандык экендигин башкача айтканда улутту улугун аныктап көрсөтөт. Юридикалык жактардын жеке мыйзамдары төмөнкүдөй 4 вариантта каралат.

**Инкорпорация теориясы –** Улуу британия, Америка, Скандинавия жана башка англо-америкалык укуктук системасындагы мамлекеттерде юридикалык жактардын улутту улугун аныктоодо юридикалык жак кайсы мамлекетте түзүлгөндүгү жана анын уставы кайсы мамлекетте бекитилген деги эске алынат. Англиялык авторлор мындай мыйзамды инкорпорация мыйзамы деп аташат. М: юридикалык жак Улуу-британияда түзүлүп, анын уставы ошол жерде бекитилген, бирок анын башкаруу органы Италияда жайгашкан жана ишмердүүлүгүн ошол жерде жүргүзөт [5, 6].

**Отурукташуу же жайгашкан жери теориясы** – Батыш Европанын континенталдуу мамлекеттеринде юридикалык жактын улутту улугун аныктоонун башкача принциптери колдонулат. Мында юридикалык жактын улутту улугун аныктоодо юридикалык жактын жайгашкан жеринин мыйзамдары колдонулат. Бул принцип Франция, ФРГ, Австрия, Польша, Литва, Латвия, Эстония, Испания өңдүү мамлекеттерде колдонулуп, юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгү жана аракет жөндөмдүүлүгү анын башкаруу органы жайгашкан жердин мыйзамы менен аныкталат [4, 6, 7].

М: Башкаруу органы Кыргызстанда жайгашкан юридикалык жактын Тажикстандагы бөлүмү Казакстандык юридикалык жак менен кандайдыр бир келишим түзүп, анын талаптарын аткарбаган болсо, жайгашкан жери принцибине ылайык юридикалык жактын иши келишимдин текстинде башкача көрсөтүлбөсү Тажикстандын же Казакстандын мыйзамдары менен эмес, Кыргызстандын мыйзамдары менен жөнгө салынат [9, 10, 11].

**Ишмердүүлүк орду (эксплуатациялоо борбору) теориясы** – бул теорияга ылайык юридикалык жак өзүнүн негизги ишмердүүлүгүн кайсы мамлекеттин аймагында жүргүзсө, анын улутту улугу ошол мамлекетке таандык болот. М: юридикалык жак Англияда түзүлүп, анын Уставы ошол жерде бекитилген, бирок анын башкаруу органы Америкада жайгашкан, негизги ишмердүүлүгүн (кенди кайра иштетет) Италияда жүргүзгөн болсо, анда бул теорияга ылайык юридикалык жактын кайсыл жерде түзүлгөндүгү, башкаруу орган кайсы мамлекетте жайгашкандыгына

карабай улутту улугу Италияга таандык болуп эсептелет. Бул теория Италия, Индия жана Алжир мамлекеттеринин укугуна таандык [1, 4, 6].

**Көзөмөлдөө теориясы** – бул теорияга ылайык юридикалык жактын ишмердүүлүгүн кайсы мамлекет көзөмөлдөп турса (мында негизинен юридикалык жактын капиталы же каржылоо каражаттарын көзөмөлдөө ишмердүүлүгү эсептелет) анда юридикалык жактын улутту улугу ошол мамлекетке таандык болуп калат. М: юридикалык жак Германияда түзүлгөн б.а. каттоодон өткөн, башкаруу органы Англияда жайгашкан, негизги ишмердүүлүгүн Италияда жүргүзүп жатат, бирок анын бүт каржылык маселесин Америка көзөмөлдөйт, теорияга ылайык анда юридикалык жак Америкага тиешелүү болуп эсептелет. Бул теория негизинен Конго, Заир жана өнүккөн өлкөлөрдүн укугуна таандык.

**Макалынын жыйынтыгы:** Мына ошентип, бул макалада дүйнөнүн башка мамлекетиндеги чет өлкөлүк юридикалык жактардын ишмердүүлүгү жана алардын бизнес жүргүзүү үчүн укуктук негиздери каралып, юридикалык жактардын ишмердүүлүгү өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүү үчүн чет өлкөлүк жактар тарабынан кошумча инвестицияларды тартуу процессиндеги мыйзамдардын керектиги аныкталды. Кыргызстандын базар экономикасына өтүп, өнүгүүсүндө чет элдик ишкерлер менен эл аралык кызматташуу келишимдерин түзүүдө пайдасын белгилүү пайызын мыйзамдаштырылышы зарыл.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. ***Гетьман–Павлова., И.В.*** *Международное частное право (конспект лекции) [Текст] / И.В. Гетьман – Павлова. – М.: Юрайт, 2008. – 218 с.*
2. ***Валеев, Р.М.*** *Международное право. Особенная часть: Учебник для ВУЗов [Текст] / Р.М. Валеев, Г.И. Курдюков. – М.: Статут, 2010. – 624 с.*
3. ***Черниченко, С.В.*** *Международно-правовые вопросы гражданства [Текст] / С.В. Черниченко. – М.: Изд-во Права, 1968. – 305 с.*
4. ***Звеков, В.П.*** *Международное коллизионное право [Текст] / В.П. Звеков. – М.: Академия, 1998 – 398 с.*
5. ***Васильева, Е.А.*** *Гражданское и торговое право капиталистических государств. Учебник под ред. [Текст] / Е. А. Васильева. – М.: Знание, 1993 – 478 с.*
6. ***Дмитриева, Г.К.*** *Международное частное право [Текст] / Г.К. Дмитриев, М.В. Филимонова. – М.: Творчества, 1999. – 506 с.*
7. ***Богуславский, М.М.*** *Международное частное право [Текст] / М.М. Богуславский. М.: Юрист, 2008. – 293 с.*
8. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-майындагы).*
9. *КРнын Жарандык Кодекси (I-бөлүк). 2009-жылдын 24-июлундагы №252 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).*
10. *КРнын Жарандык Кодекси (II-бөлүк). 2009-жылдын 17-июлундагы N 233 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).*
11. *КРнын Жарандык процесстик Кодекси (I,II- бөлүк) 2009-жылдын 24-июлундагы №252 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, (Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 29-декабрындагы №147, 1998-жылдын 5-январындагы №2 мыйзамдары менен күчүнө киргизилген).*
12. *Закон Кыргызской Республики О гражданстве Кыргызской Республики (принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 марта 2007 года).*